# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-февралы № 26*

## Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү боюнча конкурстук комиссиясынын иш тартиби жөнүндө

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44, 48-беренелерине, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.М.Исаковдун Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү боюнча конкурстук комиссиясынын иш тартиби жөнүндө" токтомунун долбооруна карата 2022-жылдын 18-февралындагы № МИ 02-10/200 маалым катын эске алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү боюнча конкурстук комиссиясынын иш тартиби (мындан ары - Иш тартиби) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык кызматынын ведомстволук, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүү, аны түзүү жана иши боюнча ыйгарым укуктар Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун башчыларына, Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине өткөрүп берилсин.

3. Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун башчылары, Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери белгиленген тартипте:

- муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүдө жогоруда көрсөтүлгөн Иш тартибин жетекчиликке алышсын;

- муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүлгөндөн кийин үч жумуш күндүн ичинде толук маалыматты Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын адам ресурстарын башкаруу боюнча бөлүмүнө беришсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын адам ресурстарын башкаруу боюнча бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**